| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>**ЖАҢЫ-ЖЕР**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын IV-сессиясынын**

**№ 16 Т О К Т О М У**

Арка айылы 24-февраль 2025-жыл

**“Жаңы-Жер айыл аймагы боюнча турак жай имараттарына жана жайларга салыктын өлчөмүн бекитүү жөнүндө”**

“Салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 14-пунктунда көрсөтүлгөн маселелерди аткарууга алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Салык кодексин ишке ашыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 379-380-беренелерине ылайык Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-пунктуна кирген маселелерди ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 379-беренесинин 1-пунктунун 1-бөлүмчөсүнө ылайык турак жай имараттарына эсептелинүүчү салык өлчөмдөрүнүн коэффициенттери Салык Кодексинин 379-беренесинин 3-пунктуна ылайык салык өлчөмдөрү 3 жылда бир жолу каралсын.

2. 2025-жылдын 1-январынан 2027-жылдын 31-декабрына чейин Жаңы-Жер айыл аймагы боюнча турак жай имараттарына жана жайларга салыктын өлчөмү 1 чарчы метрге 10 (он) сом болуп бекитилсин.

3. Токтомдун аткарылышы Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаңы-Жер айылдык кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Ж.Мурадилов**